1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы 444-т тескемеси менен бекитилген 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу деңгээлине мониторинг жүргүзүү методикасы**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Методика Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы 444-т тескемеси менен бекитилген 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын (мындан ары - Иш-чаралар планы) аткаруу деңгээлине мониторинг жүргүзүү тартибин регламенттейт.

2. Мониторингдин объектиси болуп Иш-чаралар планын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши эсептелет.

3. Мониторингдин предмети болуп Иш-чаралар планында белгиленген натыйжаларга жетишүү деңгээли саналат.

4. Методиканын максаты болуп Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан Иш-чаралар планынын аткарылышынын натыйжалуулук деңгээлине мониторинг жүргүзүү саналат.

## 2. Мониторинг жүргүзүүнү уюштуруу

5. Мониторинг жүргүзүү төмөнкү этаптарды камтыйт:

1) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан иш жүзүндөгү натыйжалары менен чараларды аткаруунун күтүлгөн натыйжасынын (продуктунун) пландык белгилерине талдоо жүргүзүү.

Пландык күтүлгөн натыйжалар (продукт) болуп милдеттерди чечүүдө жана чараларды ишке ашырууда 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын көрсөткүчтөрү жана индикаторлору саналат, аларда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жооптуу аткаруучулар жана тең аткаруучулар болуп чыгышат;

2) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мониторингдин натыйжалары

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

жөнүндө отчеттуулуктун бир түргө келтирилген формаларын даярдоо (1- таблица жана 2-тиркеме).

### 3. Мониторингдин көрсөткүчтөрүн эсептөө

6. Иш-чаралар планынын "аткаруу деңгээли (%)" жалпыланган индикаторун эсептөө үчүн 1-таблица колдонулат.

1-таблица

**2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашырууга кошкон салымы боюнча мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мониторингдин көрсөткүчтөрүн эсептөө үчүн баштапкы маалыматтар**

| № | Милдет | Чара/ иш-аракет | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлгөн натыйжалар (продукт) | Статус (чара аткарылды же аткарылган жок (ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| … | | | | | |

Чаралардын аталышы жана күтүлүүчү натыйжанын (продуктунун) пландык мааниси Иш-чаралар планынын көрсөткүчтөрүнүн негизинде түзүлөт.

1-таблицада Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ишке ашырууда алар жооптуу аткаруучулар жана тең аткаруучулар катары көрсөтүлгөн чараларды чагылдырат.

Мониторинг жүргүзүүдө негизги аткаруучулар жана кошо аткаруучулар тарабынан иш-чаранын аткарылышы/аткарылбашы эске алынат.

7. 1-таблицаны толтурууда Иш-чаралар планын аткаруу деңгээли аткарылган чаралардын санын чаралардын жалпы санына бөлүү жолу менен эсептелет:
**Иш-чаралар планын аткаруу деңгээли = (аткарылган чаралардын саны (6-графа) / чаралардын жалпы саны (3-графа)) * 100%.**

“Иш-чаралар планын аткаруу деңгээли” көрсөткүчүнүн мааниси 0дөн 100% га чейинки чектерде турат.

Күтүлгөн натыйжага (продуктуга) толук жеткен учурда чара аткарылды деп эсептелет.

2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 2024-июлундагы № 444-т тескемеси менен бекитилген 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформациялоо концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткаруу боюнча маалымат берүү**
**формасы**

___________________________________________________________________
(мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аталышы)
20___ж. «__» ______ карата 20____ж. «____» ____ ___ 20____ж «___»______ чейин.
(маалымат берүү мезгили (күнү, айы, жылы)

___________________________________________________________________
(Маалымат берүүгө жооптуу адамдын аты-жөнү, кызматы)

___________________________________________________________________
(байланыш маалыматтары (электрондук почта, иш телефону)
Иш-чаралар планы боюнча бардыгы 334 пункт бар, алардын ичинен:

**I. _______пункт боюнча негизги аткаруучу**

2024-жылы - ___ иш-чара;
2025-жылы - ___ иш-чара;
2026-жылы - ___ иш-чара;
2027-жылы - ___ иш-чара;
2028жылы - ___ иш-чара;
1. Иш-чараларды аткаруунун белгиленген мөөнөтү менен - (___ _____)(пункт номерлери)
2. “Туруктуу” аткаруу мөөнөтү менен - _______ (___________)(пункт номерлери)
3. “Этабы менен” аткаруу мөөнөтү менен - ________ (___________)(пункт номерлери)

**II. ______ пункт боюнча кошо аткаруучу**

2024-жылы - ___ иш-чара;
2025-жылы - ___ иш-чара;
2026-жылы - ___ иш-чара;
2027-жылы - ___ иш-чара;
2028жылы - ___ иш-чара;
1. Иш-чараларды аткаруунун белгиленген мөөнөтү менен - ________ (_____)(пункт номерлери)
2. “Туруктуу” аткаруу мөөнөтү менен - _______(___________)(пункт номерлери)
3. “Этабы менен” аткаруу мөөнөтү менен - ______ (________)(пункт номерлери)

**III. 20____ж. “___”______ ___ карата**
Аткарууда _________
Мөөнөтүндө аткарылды_____________
Мөөнөтүн бузуу менен аткарылды _________
Бардыгы:
Бардыгы болуп аткарылган иш-чаралар _____.

**IV.** Иш-чаралар планын аткаруу деңгээли _ _ _ _ % ды түздү (*аткарылган иш-чаралардын саны/иш-чаралардын жалпы саны*100*).

| **№** | **Милдет** | Чара/<br>иш-аракет | Ишке ашыруу мөөнөтү | **Күтүлгөн натыйжалар (продукт)** | **Жооптуу аткаруучулар** | **Ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат**<br>**статусун көрсөтүү менен (чара аткарылды же аткарылган жок)** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН